Жусупбеков Медербек

# Замана

Ош шаары,  2013-жыл

**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**Ж 93**

**Жусупбеков М. Ж 93 Замана.-Ош. 2013-72-б.**

**ISBN 978-9967-03-884-4**

**Ж 4702300100-13**

**ISBN 978-9967-03-884-4**

**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**© Жусупбеков М., 2013**

## *Мекенчил уул Медербекке ак жол*

Урматтуу замандаш, ар бир ыр же кандайдыр бир чыгарма өз мезгилинин учур талабына ылайык жаралары мыйзам ченемдүү көрүнүш эмеспи.

Бул китепте кээ бир акындарча кайсы бир саясатчыны мактаган же бүтүндөй колу-коңшуну жактаган ода ырлары жазылган эмес. Тескерисинче жалпы жөнүнөн «Укуктук мамлекет» деп аталып калган демократиялуу коомубуздагы улуттук менталитетибизге туура келбеген, саясатташкан саясий оюндарды өз ичине камтыган реалдуу турмушту эч кандай философиясыз, жалпак тил менен жазганга аракет кылган.

Медербек Жусупбеков поэзия дүйнөсүндө такшалган акын эмес. Кесиби мугалим. Коомдогу жат көрүнүштөргө өз жүрөгүнөн чыккан алгы сөздөрүн ырга айландырууга кызыкдар калемгер.

Балким, келечекте улуу демократ акындардан болуп калаар. Аны мезгил таразалап көрсөтөт.

Анын айрым ырлары жүрөк жылытканын жашырып болбос, мисалга:

Ээрчитти, элди бүтүн бириктирип,
Энебиз жөпжөнөкөй акыл менен.

Дагы:
Айлуу түндө амандашып өзүңө,
Сездиң бекен? Сүрөт сүйлөп жатканын.

Дагы:
Бүлө күтүп,
Бала жытын жыттамак.
Эгер апаат,
Ооган согуш болбосо.

Мен окуган «Замана» китеби, Медербектин чыныгы мекенчил, элдин кулуну экенин айтып турат. Медербек Жусупбековдун саамалык китебине ак жол тилеп, окурман журту аярлап окуп кадыр баркына жетет деген үмүттөмүн.

Ак жол Медербек, сага чыгармачылык ийгилик!

**Сабыралы Абдукаримов,**
**Кыргызстан Улуттук жазуучулар бирлигинин мүчөсү, акын-жазуучу.**
**Республикалык «Нур борбор» жаштар чыгармачылык бирикмесинин Баткен областтык бөлүмүнүн төрагасы.**

## ОКУРМАНГА

*Мейли сага,*
*Жаксын ырлар жакпасын.*
*Журөгүңдө,*
*Орун жоктур,батпасын.*
*Окубасаң,*
*Обучороок алып кой.*
*Жерде калып,*
*Тебеленип жатпасын.*

**Ош окуясында мыкаачылык менен набыт болгон инибиз жолборс жүрөк Сулуев Жалынбектин жаркын элесине жана анын Корул айыл өкмөтүндөгү эстелигин ачуу аземине арналат.**

## АЙЛУУ ТҮНДӨ КЫЯМАТ

Түкүрдүңбү суу ичкен булагыңа,
Угуп койгун өзбек эли кулагыңа.
Көп жылдар даярданып куралданып,
Суу тамдыбы? Май ордуна чырагыңа.

Баштадыңар айлуу түндө кыяматты,
Азан айтып автоматты кимдер атты.
Кутуруп тойгонуңду көтөрө албай,
Кыргызга салып кеттиң кыянатты.

Бей күнөө канчалаган кандар акты,
Жалбырттап оштун ичи күйүп жатты.
Кыргыздар кырылганда, сууга акканда,
Бийлигиң карап жатты кай тарапты?

Чыркыратып талга асканда келиниңди,
Эстечи ким көтөрдү көңүлүңдү.
Кан агып кара түтүн каптаганда,
Жалынбек, бердиң беле өмүрүңдү?

## КОШ БОЛ УУЛУМ!

Кош бол уулум , кош бол менин чырагым,
Быйыл сенин отуз беште курагың.
Ташка айланган элесиңди кучактап,
Боздоп ыйлап, муунум бошоп турамын.

Эстегенде ай чырайлуу жамалың,
Эстен танам, таппай калам амалым.
Кош эмчегим алмак салмак зыркырап,
Эсеңгиреп баспай калат кадамым.

Жаратканга миң мертебе жалындым,
Таппай калып мен денесин Жалындын.
Каралдым ай кайда калды караанын,
Карбаластап кызыл чокко малындым.

Барамын деп неге бир ооз айтпадың?
Жолборс сымал жолуңдан сен кайтпадың.
«Кыргыздарды кырып жатат Ошто» -деп,
Кырааным ай сен жай алып жатпадың.

Күлүмсүрөп күзгү бетин карандың,
Кайра кайра чачтарыңды тарандың.
Сезимиңде «кош болгула»! дедиңби,
Сездиң беле? келбесиңди каралдым.

Кескилешип кетээринде өзүңдү,
Келмең айтып жумдуң бекен? көзүңдү.
Арман күн ай! атаң башынургулайт,
Укпадым деп акыркы бир сөзүңдү.

Кырылгырлар кыйнаганда жаныңды,
Кыргызым деп төктүң бекен каныңды?

Жалгыз калып жан бергениң эстесем,
Коёрго жер таппай жүрөм жанымды.

Жаткан жериң жайлуу болсун Жалынбек,
Атың калаар, өчпөс болуп «Жалын» деп.
Топурагы буюруптур жериңдин,
Сен бүгүнкү баатырысың элиңдин.

Сендейлерден душман калды сестенип,
Мына бүгүн койдук сага эстелик.
Күндөр өтөөр, айлар жылга тогошоор,
Кыргыз жүрөт кылымдарга эскерип.

## ЖАЛЫН ӨТТҮ ДҮЙНӨДӨН

Куралы жок кыргыз артка чегинет,
«Качпагыла! бул кыргыздын чеги» -деп.
Жалын жүрөт автоматчан алдыда,
Таамай атып, бей күнөөлөр кеги -деп.

Жалын жүрөт, колунда бар автомат,
Чууга түштү бир заматта чар тарап.
Ок жаңылды! тап Жалынды! дегендей,
Үндөр чыкты туш тараптан кайталап.

Ажал огу кайра баштан жаңырды,
Момун кыргыз артка карай агылды.
Кулап түшкөн жерин барып сыйпалап,
Таппай калды жолборс жүрөк Жалынды.

Кыргыз жоктур, Жалын сени билбеген,
Кыргыз жоктур, Жалын сени сүйбөгөн.
Кыргыз үчүн кыргыздын уул кызы үчүн,
Жалын өчтү Жалын өттү дүйнөдөн.

## СҮРӨТ СҮЙЛӨЙТ

*Обону: Калия Акназарова*

Көп ыйладың көз жашыңды тыйбадың,
Канткен менен мени өлүмгө кыйбадың.
Ташка айланган элесимди кучактап,
Толуп ташып, жаш баладай туйладың.

Билем апа эчен таңдар атканын,
Жүрөгүңө эбак канжар батканын.
Айлуу түндө амандашып өзүңө,
Сездиң бекен? Сүрөт сүйлөп жатканын.

Көрдүм апа, тагдыр башка жазганын,
Көп ыйлаба кайратыңдан жазбагын.
Ботосу өлүп боздогондой боз инген,
Көрүп турам өң алеттен азганың.

Туюп турам мээримиңди төккөнүң,
Сагынычтан сүрөтүмдү өпкөнүң.
Ошол мээрим жылуу желге айланып,
Сездим апа бетим сылап өткөнүн.

Билем апа күнүм менин батканын,
Күлгө айланган сөөгүм жерде жатканын.
Тилим катып тирүүлөрдөй боло албай,
Арман болду айкел болуп жатканым.

Билем апа күнүм менин бүткөнүн,
Жол караба келбейт эми күткөнүң.
Жалын өчсө, учкун калды артымда,
Көп ыйлаба бет аарчыңды бүктөгүн.

Чегинбедим кереги жок алдаштын,
Элим үчүн баатырларча кармаштым.
Чымын жанды тиштеп барып оозума,
Өмүрүмдү өлүм менен алмаштым.

Кан төгүлүп жүрөк оозго кептелип,

Жүрдүм апа ажал менен бет келип.
Кош апаке! Ага тууган туулган жер,
Силер менен кош айтышат эстелик.

## Өмүр баян

Сулуев Жалынбек Турдубекович 1978-жылы 19-майда Кору айыл өкмөтүнүн Кең-Жылга айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Жети жашында Кең-жылга орто мектебине 1-класска кабыл алынган. Жалынбек бала кезинде эле өзү теңдүү балдардан айырмаланып турчу, өзүн дайыма тың алып жүрчү. Коомдук иштерге активдуу катышып зээндүүлүгү тартиптүүлүгү кичи пейилдиги жана сылыктыгы менен башка балдардан айырмаланып досторунун арасында кадыр баркка ээ богон.

1995-жылы Кең-Жылга азыркы Ж. Алимов атындагы орто мектебинен 11-классты ийгиликтүү бүтүргөн. Ал «Түштүк чыгыш» жекече таймашуусу боюнча түрдүү мелдештерге катышып турган.

1999-жылы 12-августунан 6-сентябрына чейин Баткен окуясына катышып, экстремисттер менен кармашууда эрдиктерди жараткан.

Сулув жалынбек алты бир тууган, уч баланын атасы. Балдары Нурболот, Нурай, Асема.

Жалынбек Ата Журтун Мекенин, Кыргызстандын бүтүндүгүн сактайм деп, кыргыз элин экинчи жолу коргоодо 2010-жылы Ош окуясында экстремисттер менен кармашууда баатырларча курман болду.

Кыргыздар түңүлүшүп кара жандан,
Калган кезде үзүлүп үмүттөрү.
Аралап ажал огун кирип келди,
Алайдын ар намыстуу жигиттери.

**Ыраазычылык**

Ош окуясында жоголгондорду издөөдө жакындан жардам берип материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөткөн атуулдарга:

Ош шаарынын мери Мелис Мырзакматовго, Курсан Асановга, Ош обл., шаардык, райондук, Ички иштер бөлүмүнүн башкармалыгына жана алардын кызматкерлерине обл. прокуратуранын бөлүм башчысы Бекташов Калмаматка, Жороев Жакшылыкка ошол мезгилдеги Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Жороев Авазбекке жалпы өкмөт мүчөлөрүнө корул айыл өкмөтүндө иштеп жаткан бардык мугалимдер жаамаатына Сулуев Жалынбектин туугандары жана үй-бүлө мүчөлөрү терең ыраазычылык билдирет.

## САГЫНЫЧ

***Ош окуясында наабыт болгон Орозбаев Курстанбектин жаркын элесине балдары Санжар, Айбек, Айдарбек, Бекзаттын атынан.***

Ай караңгы көрүндү,
Тобунан тулпар бөлүндү.
Буркурап калдык баарыбыз,
Буюруп сага өлүмдү.

Курчаганда өзбектер,
Куралыңдын жоктугу.
Жамандык келбей оюңа,
Көңүлүңдүн токтугу.

Өздөн чыккан жаттарың,
Өзөккө канжар малышты.
Аталап ыйлап бизге окшоп,
Канчалар жетим калышты.

Таптырбай кетип карааның,
Кайгыга салдың көңүлдү.
Кайрып берсе канаке,
Атама кайра өмүрдү.

Армандуу кетип атаке,
Ичер сууң сенин бүткөнбү?
Эртелеп дүйнө кезгидей,
Ал жакта бирөө күткөнбү?

Атасын көрсөм бирөөнүн,
Ачышпайт кантип жүрөгүм.
Азгырып ажал жетелеп,
Кара жер болду түнөгүң.
Сагындык ата өзүңдү,
Санаалар санга бөлүндү.

Уктасам ата түшүмдө,
Карааның узак көрүндү.

Окшотуп алып элесиң,
Жолуңан чыкчуу жүгүрүп.
«Күткөнүм атам келбейт» -деп,
Бекзатың калды түңүлүп.

## ООГАНСТАН

***Ооган согушунун катышуучусу Корул айылынын тургуну Өмүрзаков Камчыбек менен болгон маектен алынды 14.02.2013-ж.***

Айтпайт элем,
Жүрөк ташып толбосо.
Кумга сиңип,
Кули-Хумри шаарында.
Жигиттердин,
Өмүрлөрү соолбосо.
Бүлө күтүп,
Бала жытын жыттамак.
Эгер апаат,
Ооган согуш болбосо.

Коргоп жатып,
Оогандардын мекенин.
Окко учурдук,
Жигиттердин эченин.
Таш-Курганда,
Паша досум атылып.
Билбей кетти,
Жашоо эмне экенин.
А өзүмчү,
Тирүү кайтаар бекемин?

Мен рульда,
Азык жүктөп бараткам.
Саланг ашуу,
Термез шаары тараптан.
Эстен танып,
Жарылганда миналар.
Эчен күндөр,
Госпиталда таң аткан.
Тирүү калып,
Өзү колдоп Жараткан.

## ЗАМАНА

*Обону: Калия Акназарова*

Ай менен күн кезигип,
Тоголобу замана?
Биздин жашоо бир күнү,
Оңолобу замана?
«Ач карышкыр» айлыңдан,
Жоголобу замана?
Көпчүлүккө көңүлүң,
Бөлбөй койдуң замана.
Бөрүлөрдү улуган,
Көрбөй койдуң замана.
Чаткаягын айрытып,
Сөкпөй койдуң замана.
Шорголотуп кандарын,
Төкпөй койдуң замана.
Шордуулардын чекесин,
Өппөй койдуң замана.
Жакшы жакка жол баштап,
Өтпөй койдуң замана.
Булдурттаган чүчүктү,
Чечен кылдың замана.
Жоону чабар баатырды,
Бечел кылдың замана.

Алдым жуттум зулумду,
Хан кылдың го замана.
Элдин оозун ачырып,
Таң кылдың го замана.
Иш билбеген түркөйдү,
Аким кылдың замана.
Кайнатага келинди,
Жакын кылдың замана.
Кары дебей жаш дебей,
Акын кылдың замана.
Эки өңүрүн эркектин,
Кем кылдың го замана.
Укуругун уурунун,
Кең кылдың го замана.
Алдууларга алсызды,
Жем кылдың го замана.
Паракорду байытып,
Бар кылдың го замана.
Жолун бөгөп жаштардын,
Тар кылдың го замана.
Тилин кесип чындыктын,
Зар кылдың го замана.
Талатып элдин байлыгын,
Кар кылдың го замана.
Келечегин кыргыздын,
Тор кылдың го замана.
Айкөлдөрдүн эченин,
Кор кылдың го замана.
Ат тезегин кургатпай,
Шайлап кеттиң замана.
Өзүң билген бирөөнү,
Жайлап кеттиң замана.
Амалкөйдүн бармагын,
Майлап кеттиң замана.
Ынтымагын эки элдин,
Кайрап кеттиң замана.
Ак сарайга керилтип,

Ок аттырдың замана.
Генералдын бетине,
Бок атырдың замана.
Ак жүрөктүн жонуна,
Жок арттырдың замана.
«Шейиттердин» мекенин,
Сыр кылдың го замана.
Талаштырып акчасын,
Чыр кылдың го замана.
Кара сөздү кадимки,
Казал кылдың замана.
Айланасын ак үйдүн,
Мазар кылдың замана.
«Аюу» кылып артынан,
Айдап бардың замана.
«Алдыңарга жорго» -деп,
Алдап бардың замана.
«Ак молдого» тойгозуп,
Каапыр кылдың замана.
Мекен үчүн өлдү деп,
«Баатыр» кылдың замана.
Арак менен пивону,
Түмөн кылдың замана.
Эртеңкисин кыргыздын,
Күмөн кылдың замана.
Миллиондорду бирөөлөр,
Уруп кетти замана.
«Апрелде» өлгөндөр,
Туруп кетти замана.
Алтындарын чет элге,
Буруп кетти замана.
Заманасы кыргыздын,
Куруп кетти замана.
Кыргыз жерин тилкелеп,
Саттырдың го замана.
Берендердин неченин,
Аттырдың го замана.

Коңшуларга кыргызды,
Чаптырдың го замана.
Андан бери далай таң,
Атырдың го замана.
Айландырып башымды,
Катырдың го замана.
Ажолорду  катарлап,
Качырдың го замана.
Кредитке кыргызды,
Батырдың го замана.
Колунда бар пендеңе,
Бардаш кылдың замана.
Айласыздан кыргызды,
«Таргаш» кылдың замана.
Ысык-Көлдү бирөөлөр,
Басып алды замана.
Тулгасына казанын,
Асып алды замана.
Кыргыз кызын кытайга,
Зайып кылдың замана.
Ушул жагын айрыкча,
Айып кылдың замана.
Баш көтөргөн жигитти,
Улутчул деп ургулап,
Майып кылдың замана.
Жетээр жетпес оокатты,
Себелеттиң замана.
Башкаларга намысты,
Тебелеттиң замана.
Айлыбызда таза суу,
Акпай кады замана.
Өз атасын баласы,
Бакпай калды замана.
Мекен үчүн жүрөктөр,
Какпай калды замана.
Адилет сөз чоңдорго,
Жакпай калды замана.

«Мейман» толуп үйүмө,
Батпай калды замана.
Карапайым калкыма,
Уу таттырдың замана.
Эконом деп электр,
Суу саттырдың замана.
Күндө тартып пикетке,
Чуу таттырдың замана.
Көрсөтүп эки жүзүңдү,
Кууландың го замана.
Курутуп айла амалды,
Дууландың го замана.
Аялдан корккон эркекти,
Ажо кылдың замана.
Ага менен инини,
Бажа кылдың замана.
Керек болсо дың жерди,
Саз кылдың го замана.
Чындыкты айтса аттырып,
Аз кылдың го замана.
Бетегелүү беттерди,
Такыр кылдың замана.
Бетке чабаар бектерди,
Жакыр кылдың замана.
Ажо мырза жашоону,
Оңдойт бекен замана.
Кимге добуш бердиң деп,
Же кордойт бекен замана.
Кооголаңдар үчүнчү,
Болбойт бекен замана.
Түндүк менен түштүктү,
Бөлбөйт бекен замана.
Кордук көрүп кайран эл,
Өлбөйт бекен замана.
Кадыржаны кайрылып,
Келбейт бекен замана.
Ошту бөлүп колуна,

Бербейт бекен замана.
Вагон-вагон өзбектер,
Кайтты дешет замана.
«Өзүмиздин акамиз»,
Айтты дешет замана.
Тузуң менен шекериң,
Бир келеби замана.
Ичкен суубуз дайыма,
Кир келеби замана.
Кыргыздарга Манастай,
Сүр келеби замана.
Оңолчудай оокатың,
Түр келеби замана.
Айта берсе түгөнгүс,
Арман болду замана.
Өз калемим бул күндө,
Дарман болду замана.
Канткен менен калк үчүн,
Жаман болду замана.
Алдаганга кыргызды,
Уста кылдың замана.
Кыз келиндин кийгенин,
Кыска кылдың замана.
Көтөргөнү айлыкты,
Тыйын болду замана.
Кымбатчылык күч алып,
Кыйын болду замана.
Жакшы күндү жалпыга,
Саматтың го замана.
Жолборсторду жоо сайчу,
Каматтың го замана.
Эл бузарлар эркинче,
Сайрандады замана.
Саамал ичип саарлыкка,
Тайрандады замана.
Түштүгүнө ат союп,
Майрамдады замана.

## АПАМА

Ай өтүп, жылга айланып,
Апакем сексен жашта.
Жүз ашып жашасаң да,
Апаке ордуң башка.

Неберең жомок сурайт,
Карт тарых барагынан.
Менин да уккум келди,
Айтып бер жомогуңан.

Неберең тосуп жолдон,
Жетелеп келет колдон.
Чыкса да сексен токсон,
Мен үчүн жап жаш бойдон.

Неберен ыр сурады,
Мыскалдын обондорун.
Менин да уккум келди,
Дагы бир ырдап койсоң.

Апаке куттуктаймын,
Аттадың да бир жашка.
Капалуу күндөрүңдү,
Көңүлдөн чийип ташта.

Неберең сурап жатат,
Энемдин кара чачы.
Менинда билгим келди,
Неликтен бубак баскан.

Өткөндү эскергенде,
Тоо кулайт сөздөрүңдөн.
Ансыз да окуп турам,

Аярлуу көздөрүңдөн.

Жыл жаңы өмүр жаңы,
Сексендин атты таңы.
Барсаң да эчен жашка,
Ооруба эми башка.

## ТОГУЗ-БУЛАК

Туулган жер Тогуз-Булак,
Мен үчүн топурагың.
Алтындан кымбат турат,
Жылгада көпөлөк кууп,
Жыргаган бала курак.
Жарышып көк шиберде,
Бир туруп, бирде кулап.
Өзүңдө жаштыгымды,
Алсам дейм кайра сурап.

Туулган жер Тогуз-Булак,
Көөдөндө жүрөк барда,
Көңүлүм сенде турат.
Белесиң бетегелүү,
Жайгандай сайма-курак.
Жай чилде саратаның,
Муздак жел шамал урат.
Тургансыйт көк кашка сууң,
Өмүргө өмүр улап.

## КОШ КЕЛИҢИЗ

Атагы кеткен далайга,
Кош келиңиз алайга.
Алымбек датка жердеген,
Ак-өргөө алтын сарайга.

Айлыңа салам айта бар,
Алымбек датка тегинен.
Элиңе салам айта бар,
Энебиз датка жеринен.

## КЫЗДАРЫ ЧҮРӨК КОРУЛДУН

Алмасы бакта жайнаган,
Булбулу шакта сайраган.
Бурулуп келип көрүп кет,
Булагы тогуз кайнаган.

Суулары мүрөк эли бай,
Кыздары чүрөк корулдун.

Айлансам асыл жергем деп,
Айталбай неге корундум.

**Курманбек баатырдын өз элинен качып, жер кезип кеткенин уккан Аскар акмалатып киши чаптырып издетип жүрүп, ак эткенден так этип, акыры ак орустагы Курманбектин аккан досу Лукашенконун чарбагынан таап, араң таанып аны менен амандашып турган жери.**

**(Кадимки Жалал-Абаддан чыккан баатыр Курманбек кичи эпосунун элде айтылып жүргөн обону менен.)**

## КУРМАНБЕК

Асалому алейкум,
Амансыңбы Курманбек.
Ат арытып алыстан,
Келип турам Курманбек.
Амандашып саламды,
Берип турам Курманбек.
Абалың жаман экенин,
Көрүп турам Курманбек.
Баш паанек издеп артымдан,
Келиптирсиң Курманбек.
Башыңа түшкөн тагдырга,
Көнүптүрсүң Курманбек.
Буюрганын аллаанын,
Көрүптүрсүң Курманбек.
Жигитчилик намысты,
Бериптирсиң Курманбек.
Белиңдеги курунду,
Чечиптирсиң Курманбек.
«Качпайм»-деген сөзүңдөн,

Кечиптирсиң Курманбек.
Алдырып коюп аялга,
Качып келдиң Курманбек.
Топтогонуң буюрбай,
Чачып келдиң Курманбек.
Анча мынча калганын,
Катып келдиң Курманбек.
Эл алдында абийриң,
Ачып келдиң Курманбек.
Жигиттердин сексенин,
Атып келдиң Курманбек.
Кечирилгис күнөөгө,
Батып келдиң Курманбек.
Максимге берип майлуу жер,
Шерменде болдуң Курманбек.
Дүйнөгө көзүң тойбогон,
Көр пенде болдуң Курманбек.
Ак оруста жан сактап,
Жатканың кандай Курманбек.
Жаш балдарды жайратып,
Атканың кандай Курманбек.
Менден калган жерлерди,
Сатканың кандай Курманбек.
Жамандык кылсаң бирөөгө,
Айланып кайра беш жылда,
Келе берет Курманбек.
Жамандыкты амандык,
Жеңе берет Курманбек.
Айрыкча кыргыз элинде,
Боло берет Курманбек.
Өмүрбек менен Темирбек,
Кууп чыктыбы Курманбек.
Сени дагы менчилеп,
Орой салып килемге.
Бууп чыктыбы Курманбек,
Ак сарайдан көңүлүң.
Сууп чыктыбы Курманбек,

Талашып алган бийлигиң.
Тарпы чыкты Курманбек,
Так талашып аялдан.
Алпы чыкты Курманбек,
Алдаган менен болобу.
Убадаңдын беш жылда,
Калпы чыкты Курманбек.
Айта берсем сөзүм көп,
Арманым айтсам көңүл ток.
Туугандарга бийлеткен,
Экөөбүздө ыйман жок.
Менин жайым сурасаң,
Качып безип жүрөмүн.
Орустардын Маскөөсү,
Болгон менин түнөгүм.
Эстесем ошол күндөрдү,
Эзилип кетет жүрөгүм.
Калмактын качкын баатыры,
Аталганмын Алманбет.
Сенин да качып жүргөнүң,
Түшүнсө болот кандай деп.
Бир кездерде мен дагы,
Эл байлыгын чачканмын.
Эси жок уулум экөөлөп,
Капчыгыма баскамын.
«Курманбек »батыр келди деп,
Маскөөнү карай качкамын.
Менден сабак албаган,
Кандай жансың Курманбек.
Жасоол коюуп Жанышты,
Жаңылыпсың Курманбек.
Тайы бөлөк балаңдан,
Кагылыпсың Курманбек.
Айткан менен кайрылып,
Келбейт экен Курманбек.
Кайрып бизге бийликти,
Бербейт экен Курманбек.

Андан көрө айтайын,
Акылга сыйчу мындай кеп.
Ат токунуп айланып,
Ала-Тоого кайрадан.
Барсак кантет Курманбек,
Намыс үчүн бийликти.
Ажылдаган аялдан,
Алсак кантет Курманбек.
Тентип мында жүргөнчө,
Кайтпайлыбы Курманбек.
Түшүндүрүп болгонун,
Айтпайлыбы Курманбек.
Айтканына алардын,
Көнбөйлүбү Курманбек.
Тагдыр башка салганын,
Көрбөйлүбү Курманбек.
Түндүк менен түштүктү,
Бөлбөйлүбү Курманбек.
Жеринен качкан ажо деп,
Жемеленип жүргөнчө.
Жетелешип бир жерде,
Өлбөйлүбү Курманбек.

**Амандашып турган Аскарды Курманбек дароо таанып, аргасыздан алик алып турган жери;**

Алейкума ассалом,
Амансыңбы Аскарым.
Амандашып келдиңби,
Чындап салам бердиңби.
Айтайын деген оюңду,
Күн алдынан билгенмин.
Ай айланбай бир күнү,
Келет деп сени жүргөнмүн.
Издөө салып Маскөөдөн,
Келиптирсиң Аскарым.
Кекетесиң мынчалык,
Башкача го басканың.
Мезгил өтүп кеттиби,
Катуу чыгат таскагың.
Карабагын бетимди,
Карга жесин этимди.
Тиктебегин өзүмдү,
Кузгун ойсун көзүмдү.
Айта турган оюм бар,
Бузбай тургун сөзүмдү.
Он беш жылда сен өзүң,
Жыргаттыңбы Аскарым.
Арман ырын кыргызга,
Ырдаттың го Аскарым.
Суусун сатып Кыргыздын,
Кургаттың го Аскарым.
Алтындарын Кум-төрдүн,
Уурдаттың го Аскарым.
Көңүлдөрүн чөгөрүп,
Суз кылдың го Аскарым.
Көпчүлүктүн жүрөгүн,
Муз кылдың го Аскарым.
Айтайын сөздүн калганын,
Эл жыйылып барганын.

«Жоо кеткен соң»-дегендей,
Тиштеп калгам бармагым.
Элдин тынчын ойлосоң.
«Качкын»-деген өздөрү,
Эми башкача чыгат сөздөрү.
Сен айткандай Аскарым,
Элге автомат атпадым.
Эл түшүнүп туру го,
Эрендердин эченин.
Артынан мылтык атканын,
Эскертип аткан октордон.
Эсин жеген эмелер,
Көрбөдүм бирөөн качканын.
«Максимди ишке алгын»- деп,
Даниярдын тапканы.
Даярдаган алдынан,
Чакыган экен капканы.
Ушундай жерде жолуккан,
Дүнүйөнүн тардыгы.
Каркыраны берерде,
Макулдугун беришип.
Кол коюшкан бардыгы,
Кереги деле жок болчу.
Анчалыкка барыштын,
Издеткидей ит менен.
Айыбы кайсы Жаныштын,
Бетке айтылган ачык сөз.
Кулагыма илбедим,
Алардын ички планын.
Алдыртан неге билбедим,
Кудайдан коркпос кутургур.
Ачыгын айтпайт бирөөсү,
Ак сарайга ок аткан.
Алардын жокпу күнөөсү,
Куугундуктап өзүмдү.
Куп дүрбөлөң салышты,
Кутурган иттей чуу салып.

Качырып кирип барышты,
Качпаска айлам жок эле.
Биригип кетип баарысы,
Бийликти колдон алышты.
Сокурду жарга кыстаба,
Саймедиреп айтууга.
Жетпей турат дарманым,
Ишке ашпай калып максатым.
Ичте кетти арманым,
Мезгил келээр бир күнү.
Айтайын сөздүн калганын,
Туугандарга бийлетип.
Турмушта жаман кагылдым,
Колтукташ өскөн душманды.
Байкабай мынтип жаңылдым,
Туурунан качкан куш болуп.
Туулган жерди сагындым,

## КУТМАН КУРАК

Кут болсун,
Кутман курак 80 жашың.
Көп жаша,
Аман болсун алтын башың.
Калпакчан,
Кара сөздүн кеменгери.
Арчанын,
Атыр жыттуу берсин жашын.

Тааныттың,
Дүйнө элине кыргыз калкын.
Канат бүтүп,
Учуп жүрөт Гүлсаратың.
Түрк тилдүү,
Түгөнбөгөн эмгек менен.
Алаамга,
Кетти сенин кадыр баркың.

## СЕН КИМСИҢ ???

Түшүнбөй суроо узатсам,
Түртөңдөйсүң негедир.
Сырың күүлүп кеттиби?
Кудайга колуң жеттиби?
Ар кимден калса он сомдон,
Анын баары эптүүбү?
Асмандан түшкөн акчалар,
Чөнтөгүңдү тептиби.

Биз бир кандек, сен пилсин,
Билбестерге чоң пирсин.
Ак падыша болсоң да,
Артыңды салба адамга,
Ачыгын айтты кызыл тил.
Ойлонуп көрчү садага,
Билсең элге сен кулсун.
Эл болбосо сен кимсиң???

## АСАНКУЛДУН ЭШЕГИ

Короодо жүргөн Бектур,
Карап туруп эшекти.
боору ачыды көрүнөт,
Мына мындай деп тур.

Байлоодосун эрте кеч,
Асанкулдун эшеги.
Арпаны эңсейт ары жок,
Акырда турса кашеги.

Жумушта эшек эч талбайт,
Арпа эмес, тескей чөп салбайт.
Адал да күчү сүтү арам,
Байкушту эч ким эске албайт.
Атка өзүңдү теңебей,
Уйдан арткан кашекти.
Жей берсең кардың тешеби,
Асанкулдун эшеги.

## ЖЫЛДЫЗДАР

Обонун да,
Сөзүн да өзү тапкан.
Керек болсо,
Тасмасын да өзү тарткан.
«жылдыздар»,
Кыйкырышып обон салат.
Этектери,
Уят жерин араң жапкан.
Жигиттери,
Жигитче кийген менен.
Үнү назик,
Кылыктанып кыздай баскан.

## САМОПАЛ КУУДУЛ ДОСУМА

Куудул болот кудай берсе керемет,
Асанкулга эми кимдер теңелет.
Кечир досум, болбос ишке баш урба,
Эл алдында өз кадырың тебелеп.

Чала куудул маскарапоз упасын,
Алсаң керек сен өзүңө себелеп.
Куйкум сөздүү куудул болуу оңойбу?
Кой курдашым сага мезгил келе элек.

## АКЫН БАР

Акын бар, төрт сап ырды араң жазган,
Тирүүлүктө түйшүктөнүп өңдөн азган.
Лирика дуйнөсүндө алпурушуп,
Кантсе да калем менен кудук казган.

Бир сабы түн чүрөгү айды айтса,
Экинчиси карындагы майды айткан.
Үчүнчү сап көлдү чарпып чүйдө жүрсө,
Төртүнчү сап көйрөңдөнүп үйдө жаткан.

## ӨЗБЕКТЕРГЕ

Жашадыңар кылымдардан кыргыз менен,
Кыргыздын пейли таза койну кенен.
Өгөйлөп ким силерди кудулады ?
Өзбектер түпкүлүгү бузук белең?

## АЗИЛ ЧЫНЫ АРАЛАШ

Эртеден бери байкасам,
Тузу жок чыгат сөздөрүң.

Түшүнбөй турам неликтен,
Кысылып турат көздөрүң.

Байкабай калмак көпчүлүк,
Көз айнек кийип албапсын.
Букалар жибин көп үзмөк,
Кунажын болуп калбапсын.

## ДОСТОРГО

Бир кезде баскан там-туң,
Бирге өскөн курбуларым.
Таалайын издеп учкан,
Жыйырма жыл мындан мурун.

Чырпыгы чынар болду,
Чачына буурул конду.
Шаштырып мезгил учат,
Тай эле буудан болду.

Курбулар кандайсыңар?
Киминер кайдасыңар?
Турмуш деп алпурушуп,
Ар кайсы жайдасыңар.

## ЖАШОО КЕМЕСИ

Мен мектепти кечээ бүттүм демекмин,
Чекемдеги сызыктарым болбосо.
Дале бийлеп кечелерде жүрмөкмүн,
Чачтарымды ак аралап койбосо.

Ал сызыктар өткөн күндөн бир элес,
Артта калды кыркка жакын кыр белес.
Ар бир сааты, ар бир мүнөт өтүүдө,
Жакшы жаман күндөрүнөн кур эмес.

Сызып барат жаанын тарткан жебеси,
Анык анын артка кайра келбеси.
Бороон чапкын, толкун жиреп сүзүүдө,
Жараткандын «жашоо» деген кемеси.

## КАРЫШКЫРДЫН АРМАНЫ

Мен силерди арстан акем келгенде,
Эл шайлаган комиссия деп коём.
Тике  карап сүйлөй турган болсонор,
Ойлонгула! бооруңарды жеп коём.

Билесиңер эртең эмне болорун,
Өкүлдөрдү өзүм тандап коёмун.
Кыйшаңдасаң эл терисин жамынып,
Ошол замат иш ордуңду жоёмун.

Мен шашылыш «аял банкка» баратам,
Өткөргүлө ар бир колду санактан.
Жетишинче жең ичинен бергиле,
Калгандарын түн ичинде таратам.

Дарды өттү го ушул айыл өкмөттүн,
Шору болду кайран гана чөнтөктүн.

Бешинчи ирет өкмөт болот деп жүрүп,
Капчыгымдын канчаларын бөксөрттүм.

## УСТАТКА ТААЗИМ

*Агайым Шайлообай Раевичтин жаркын элесине*

Үйрөттүң орус тилин,
Атамдай коюп дилиң.
Ар дайым айтаар элең,
Алгын деп терең билим.

Пушкиндин, Толстойдун,
Өмүрүн баяндадың.
Түйшүктүү кесибиңде,
Агайым аянбадың.

Салбадың кабагыңды,
Тизмелеп барагыңды.
Дагеле эңсеп келем,
Баягы сабагыңды.

## ТӨРТ АМАЛ

Мени менен ДОС болсоң,
Сага көптү үйрөтөм.
Жадыбалды жаттатып,
«Булбулдарча» сүйлөтөм.

Кемитүүнү билбесең,
Кемип калаар өңүрүң.
Бештен үчтү алалбай,
Текке кеттээр өмүрүң.
Кошуу амалын билишпей,
Көбүү жерди карашат.
Онго бешти кошо албай,
Колу менен санашат.

Он сегизди канчага,
Бөлсөң алты болоорун.
Жообун сага үйрөтүп,
Купулуңа толоормун.

## АТ ЖАБДЫГЫН БИЛЕ ЖҮР

Ат токусаң азамат,
Унутпагын тердигин.
Ээр алдына коёсуң,
Эки жакка желдигин.
Ээрди койсоң соңунан,
Ишиң болоор оңунан.
Куюшканын тарта жүр,
Калың элде кеп болот.
Көөдөнүнө тартылчуу,
Көмөлдүрүк деп коёт.
Жол азыгын жолоочу,
Канжыгага байлаган.
Бабабыз баатыр эл болуп,
Үйүрлөп жылкы айдаган.
Күмүш жүгөн камчысы,
Кылдан чылбыр байлаган.
Ээр үстүнөн басмайыл,
Териден ийлеп жасаган.
Бут коёрду кыргыздар,
Үзөңгү деп атаган.

## УСТУКАНДЫН УЛУУСУ

Устукандын улуусу,
Жамбаш болот билип кой.
Кашкага этин качырбай,
Жиги менен билип сой.
Кийинкиси жото жилик,
Бычак менен жегин тилип.
Күң жилик деп тоготпойт,
Бирок кичүүлөргө жолотпойт.
Мыкыйдын этин аз дешет,
Мыктылар аны аз жешет.
Улууга далы тартпагын,
Душманга сырың айтпагын.
Куймулчакты кыргыздар,
Кудагыйга алдырат.
Устукандын алдында,
Куйрук-боору тартылат.
Башты бизде калда дейт,
Улууңдан мурда алба дейт.
Жаштар жечүү карчыга,
Колтукка колуң аарчыба.
Унутта калды кабырга,
Болсун сизге табылга.

## ЧЫҢГЫЗДАН КАЛДЫК АЙРЫЛЫП

Томсоруп калды кыргыз эл,
«Тоолору кулап» эртелеп.
Тоюңа куттук айттырбай,
Шум ажал кетти жетелеп.

Залкардын бүгүн денеси,
Залп менен жерге көмүлөт.
Калдайып дүйнө элине,
Чокусу кимдин көрүнөт.

Атак-даңк берсе адамга,
Сендейлер гана көтөрмөк.
Башкага бүтсө бул атак,
Баса албай калмак көкөлөп.

Канаты катуу кайрылып,
Кан жутту кыргыз кайгырып.
Кыргызды кыргыз дедирген,
Чыңгыздан калдык айрылып.

Асмандан жылдыз кулады,
Ала-тоо чыдап турабы.
Кайгыга салып кыргызды,
Кара жер алды Чыңгызды.

## ЭНЕБИЗДИ ЭСКЕРҮҮ

Эрдигин энебиздин уккан белең?
Элине өз акылын айткан кенен.
Ээрчитти элди бүтүн бириктирип,
Энебиз жөп-жөнөкөй акыл менен.

Элиңдин бүтүндүгү жыргалы үчүн,
Эрдигиң айтып бүткүс дастан белем.
Энебиздин баатырдыгын көсөмдүгүн,
Ааламга мен жар салып мактап келем.

Эртеңки балдарыңа тарых калды,
Турмушта татып өттүң ачуу даамды.
Эмгегин эске алышып энебиздин,
Бериптир «датка» деген бийик наамды.

## КОШТОШУУ

«Апа»!-деди Камчыбек даттангандай,
А балким апасына актангандай.

«Токтот»! -деди датка эне сөзүн бөлдү,
Уулунун эрдигине мактангандай.

«Ажалга тик кара»! -деп айткан менен,
Өлүмгө өз баласын кыйбай турду.
Өзөгүн өрттөп кетти Камчыбеги,
Камчы урду, аттын башын кайра бурду.

«Өлүмгө тик кара»! -деп айткан менен,
Өз уулуна кумары тарабады.
Өкүмдү угузушуп дарга асаарда,
Датка эне бир кылчайып карабады.

«Токтоткула ыйыңарды»!-деген менен,
Кулунуна кумары тарабады.
Жүктөтүп жансыз жаткан Камчыбекти,
Айдатты Мады көздөй арабаны.

## КЫЛ КАЛЕМ КЫЯНАТТЫК КЫЛА АЛБАДЫ

Өлүм ак, жаш карыга бирдей келет,
Байың кал, колдо жогун жүргүн дебейт.
Маркумдун актыгына жай башына,
Чынында тыйын-тыпыр керектелет.

А бирок айылыбызда андай эмес,
Жашап келет тегибизде бир жат элес.

Кыл куйрук союлбаса кырк чучуктуу,
Өлүмүн андайлардын өлүм дебес.
Айтайын бир окуя көргөндөрдөн,
Адамды адамдардан бөлгөндөрдөн.
Бир пенде колунда жок өттү кечээ…
Жай казууга адам чыкпайт көргөн белең.

Жакшыдан жалгыз бир уул калган экен,

Кан жутуп каңырыгы түтөп жатты.
Кайрат айтаар жанында бир киши жок,
Ызаалаunion, ыйлап туруп, муну айтты.

«Бул  каада» салтка айланып калган белем,
Кара ашына саап ичкен уюм берем.
Кантейин жай башына эл келбесе,
Бийик турат бир уйдан «намыс» деген.

Ай өтпөй айлыбызда бир бай өттү,
Айтайын жан кейиткен ачуу кепти.
Байлыгы жанын алып кала албады,
Баары калды, алаканын жайып кетти.

Бай өлдү, той башталды баары белен,
Кант-чайы, казы-карта, чучук кенен.
Айттырбай жай казууга адам толду,
Оо кыргызым! Же ушунча ачка белен!?

Өкүргөн ошончо көп сап-сап болуп,
«Батачылар» батпай кетти үйлөр толуп.
Эшикте тарпка конгон жорулардай,
Жүргөн көп, жүгүнүшүп жылкы союп.

Бирин-бири жетелеп там айлантат,
Арак сунуп сөөк ээсине көңүл айтат.
Андан көрө куран окуп кетсе болмок,
А үйдө коюла элек «маит» жатат.

Эртеси конокторду үйгө бөлөт,
Ар биринин тиешесин бөлүп берет.
Куда-сөөк,  дос-жар, тамыр жердештердин,
Көпчүлүгү чындыгында этке келет.

Чыгымы көп мындай аш кара аш делет,
Кыргыздар шариятка качан көнөт.
Жеп, ичип карындарын тойгузган соң,

«Маитти» анан барып жерге берет.

Намазга турбаганын мындай койгун,
Наалышып «сойгон согум» арык дешет.
Маркумга куран окуп турпак салуу,
Парзын билбейт, жайга барбай үйгө кетет.

Пендесин акыр сапар узатаарда,
Кошуна тойдогудай конок алды.
Жазды баарын агын ак, көгүн көк деп,
Кыл калем кыянаттык кыла албады.

## КАЛПАГЫМДЫ КАТКЫМ КЕЛДИ КОЙНУМА

Бир кафеге кирип калдым капыстан,
Коногум бар келип калган алыстан.
Тамашаны көрүп туруп андагы,
Жер тиктедим, уятымдан намыстан.

Бет мандайда отурушат сулуулар,
Бир көргөнгө кадимкидей «үр кызы».
Шаракташып шарап ичип бийлесе,
Элестетет асмандагы жылдызды.

Жанындагы «жигиттери» сакалдуу,
Жандап алган бирден ошол жылдызды.
Кийгендери калпак, маасы галошу,
Айтып турат Манастагы кыргызды.

Ак калпагы желкесине кетиптир,
Абийир намыс, эч нерсе жок оюнда.
Бийлеп жүрөт, шараптан кылт этиптир,
Ичпей өлгүр рюмкасы колунда.

Ай чырайлуу, ак жоолугу мойнунда,
Өзүн билбейт, бийлейт чалдын койнунда.
Тебелетпе башкаларга намысты,

Оо, ак келин!!! Намыс барбы оюңда?

Оо, карындаш! Ойлон али кеч эмес,
Таразалап тартып жүргүн боюңа.
Сенин теңиң жетимиште чал эмес,
Эмне келди бүгүн сенин оюңа?

Уу коргошун ичкенсидим ошондо,
Конок менен чай ичүүнүн ордуна.
Уялгандан карап туруп өзүмчө,
Калпагымды каткым келди койнума.

## ШИЛТЕМЕ

Кылымдар бою келаткан,
Дили кайда кыргыздын?
Ааламга кеткен атагы,
Тили кайда Чынгыздын?
Ак сакалдуу адилет,
Карысы кайда кыргыздын?
Эрөөлдөн кайра тартпаган,
Намысы кайда кыргыздын?
Кара кылды как жарган,
Калысы кайда кыргыздын?

## САПЫРЫЛГАН САРЫ ЖАЛБЫРАК

*(пародия)*

Жамгыр күчөп, жай аккан суу ташкындап,
Кечүү издеп, жүрөм жээкте жалдырап.
Өтүп көрчү күчүң болсо дегенсип,
Суу алдында үй ордундай таш кулап.

Мага келсең чатыр плаш кийип кел,
Кошунаңын атын сурап минип кел.
Кабагыңды карыш салып кайгырбай,
Калп да болсо душман көзү күлүп кел.

Сени күтүп турам жээкте калтырап,
Сен дегенде жүрөк байкуш жанчылат.
Сезимимде сени келип калат деп,
Ал ансайын үмүт чиркин чарпылат.

Батыраак кел аккан селге карабай,
Кечели биз селди сайча санабай.
Сапырылган мөндүр, добул аралаш,
Сабап барат бетке көзгө карабай.

## ТОКТОТСОК БОЛО «КЕЛИҢДИ»

Тебелеп сенин тузуңду,
Келгиндер бизде көбөйдү.
Келгени деле мейли эле,
Келин кылды кызыңды.
Келемишче кемирди,
Койбоду ташып темирди.
Кеберсибей көп эле,
Токтотсок боло «келиңди».
Бизди койдон жоош дешип,
Койкоюп төргө өтүштү.
Алтын, сурма кениңди,
Каалашынча бөлүштү.
«Кой»!-деген эч ким болбоду,
Толтурган соң капчыкты.
Чу коюп кайра кетишти,
Анча- мынча калганы,
Атуулдукка жетишти.

## ПИКЕТЧИЛЕР

Кебетеси келишкен,
Пикет десе өлүшкөн.

Өздөрү билбейт чындыгы,
Чыгып жатат неликтен.
Ак үйдүн алдын ээлешип,
Боз үйлөрүн тигишкен.
Атасынын Ак-Төрдө,
Жайлоосундай көрүшкөн.
Анча-мынча тыйынга,
Жандарын деле беришкен.
Азоо байтал сыңары,
Айласын таппай ээликкен.
Аялдар бизде дээликкен,

## **СОЙКУЛАР**

Эркектерче сөгүшкөн,
Көрүнгөн менен өбүшкөн.
Кийгени жарым жылаңач,
Көңүлүң кирдейт көрүштөн.
Кайтпай калды сойкулар,
Арзыбаган акчага.
Атасындай кишиге,
Этегин ачып бериштен.
Оңой оокат көздөгөн,
Кыздар бүгүн көбөйдү.
Акчага сатып денесин,
Алтынга минтип бөлөндү.
Акырында карачы,
Никесиз балдар төрөлдү.
Кыргыз эле тегибиз,
Ала-Тоо ыйык жерибиз.
Ак калпак кийген элибиз,
Ар намысың бар беле.
Арамдан төрөп кыздарың,
Бузулуп жатат генибиз.
Андан калса кыздарың,
Кыргыздын көрсө жигитин.

Итиркейи келеби?
Четтен келген «меймандар».
Акчаны жакшы төлөйбү?
Жүр-деген жерден жөнөшүп.
Аргасыздан өздөрүн,
Махабатка бөлөшүп.
Таштап кетип жатышат,
Көрүнгөн жерде төрөшүп.

## АЙТУУДАН ТУРАМ УЯЛЫП

Кием десе кыздарың,
Келтирип кара жоолкту.
Оозу-мурдун чулгалап,
Башын орой салышкан.
Көзү эле калган жылтырап,
Бир көргөнгө капыр ай.
«Ниндзя» болуп алышкан,
Оролгон менен баштары.
Чийилет узун каштары,
Айтуудан турам уялып.
Көрүнүп жүрөт юбканын,
Тилигинен булактап,
Жоон-сан балтыр жактары.

## ТАКСЫРЛАР

Кыркка чыгып чыкпаган,
Жигиттер жүрөт кыдырып.
Жарашып калмак өзүнө,
Кыркма сакал коюшса.
Зарылдыгы болбосо,
Коюшса болмок кырдырып.

Таластан Чүйдөн келишкен,

Таксыр деп өзүн сезишкен.
Кийгендери бир укмуш,
Айырма жок дервиштен.

Башында жүрөт селдеси,
Оозунда дайым келмеси.
Куйругундай эчкинин,
Ээгиндеги он үч тал,
Куйручуктун сакалы,
Делбектейт юбка кийгенсип,
Ичинен кийген чапаны.

Пайда жок дейт билимден,
Масале айтат илимден.
Чечилбейт го эч нерсе,
Үлпүлдөп кийген кийимден.
Таанысаң болду кудайды,
Ар кимиң өзүң дилиңден.

## УЯТ КЕТТИ БАЛДАРДАН

Арак ичип темпейген,
Адилет күтпө чалдардан.
Улууну сыйлап көрбөгөн,
Уят кетти балдардан.

Жигиттин бүгүн жигиттик,
Сапаты кетип баратат.
Күч келсе таштап бүлөөсүн,
Бирөөнүн көзүн каратат.

## БАЛАЛЫК
***(достук азил)***

Чеңгелдеп кетти Кукунбек,

Кыздар берген тамакты.
Кууп жетип Кубат дос,
Кучактап келди бир кезде,
Бошоп калган табакты.

Төгүлгөнүн чогултуп,
Төрө досум сөгүнөт,
Чытып коюп кабакты.
Деген менен Кукунбек,
Жакшы окучу сабакты.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Казактын жери көп экен,
Кум баскан талаа чөл экен.
Жеримдин ачкан ажарын,
Ажайып Ысык-Көл экен.

Казактын көрдүм талаасын,
Астана борбор калаасын.
Сагынып келдим Корулдун,
Алма жыттуу абасын.

## СИБИРДЕН КАТ

Ак кайың кызыл каргай,
Аралаш өскөн жай тура.
Сибирге келген кыргыздын,
Көпчүлүгү бай тура.

Сибирдин жери саз тура,
Бакканы өрдөк-каз тура.
Кыдырып көрсөм базарын,
Кыргыздан орус аз тура.

## МАЛЯР КЕЛДИ

Маляр келди,
Айнектерди сырдады.
Он күн болду,
Келгенине Сибирге.
Чертеж чийди,
Лестница деп тынбады.
Түшүп кетип,
Кокусунан швеллер.
Кудай сактап,

Буттун сөөгү сынбады.

## СЕН КРЕСЛО

Сен кресло!!
Сенде олтурган келесоо.
Сен билесиң,
Кимдерге алар бересе.
Кетмек эмес,
Жез тырмагы карышмак.
Эгер аның,
Эл акысын жебесе!

Сен билесиң,
Кимдер кандай урду кеп.
Сенде олтурган,
Чиновниктин арты бок.
Жок дегенде,
Бир кайрылып айтсаңчы.

«Эй, отурба! Тазалагын артың»- деп,
Айта албайсың,
Себеп сенин тилиң жок.
Ошон үчүн,
Алардында көңүлү ток.
Сен айтпасаң,
Мен айтайын угуп тур.
Жаралгандан,
Пейлим ушул тилим шок.

## АКЫ ДОСКО
*(достук азил)*

Кыштын күнүн өткөргөн,
Куруп кетсин өмүрүң.
Салам айтсам албайсын,
Кай жакта сенин көңүлүң.
Кыжаалат болбо Акы дос,
Сатылып жатат тигинде,
Үшүк урган көмүрүң.

## ТУУ КӨТӨРГҮН КЫРГЫЗЫМ

Чуу көтөрбөй,
Туу көтөргүн кыргызым.
Чаңкап турган,
Арып турган пендеңе.
Уу көтөрбөй,
Суу көтөрсүн уул-кызың.
Улутчул бол,
Уруу бөлүү болбосун.
Маңдайыңда,
Жанып турсун жылдызың.

## КАБАР
*(Аяшым  Саткындын жаркын элесине)*

Билбейм айтсам,
Кимге кандай туюлду.
Кабарды угуп,
Көздөн жаштар куюлду.
Кана достор,
Кана аяштар карачы.
Катарыбыз,
Дагы бирге суюлду.

## АТАМА

Узактырбай кел дедиң,
Узатып жатып өзүмдү.
Апта айланбай атаке,
Көрө албай калдым көзүңдү.

Токтосо дагы жүрөгүң,
Топ кишинин ичинен.
Суурулуп чыга келчүүдөй,
Үмүтүм үзбөй жүрөмүн.

## КАДЫР ТҮН БОЛДУ КЕТКЕНИҢ

*Арабыздан эрте кеткен досум, адашым, классташым*
*Медербек Турдуш уулунун жаркын элесине арналат.*

*Сөзү: Медербек Жусупбеков.*
*Обону: Жолболду Алыбаев.*

Кадыр түн болду кеткениң, досум,
Кайгырып сени эстедим, досум.
Кайрылгыс кетип Медербек, досум,
Каалаган ойго жетпедиң, досум.
Мээнеттеп өмүр сүрчү элең, досум,
Мекенден алыс жүрчү элең, досум.
Медер бир кылып кызыңды, досум,
Мээримиң төгүп сүйчү элең, досум.
Ааламга кеткен дайының, досум,
Алайдын Корул айылың, досум.
Арманда жүрөт жоктошуп, досум,
Алыстап кетип дайының, досум.
Ар дайым сени эскерип, досум,
Ага, бир тууган, кайының, досум.
Ак кагаз алып ыр жаздым, досум,
Адашың Медер байырың, досум.
Ажайып бейиш багына, досум,
Атакең Турдуш жанына, досум.
Аралап барып кондуңбу, досум,

Аруудай журттун сабына, досум.
Акак таш көзгө толгондур, досум,
Алкымың жыттап тойгондур, досум.
Анчалык неге шаштың деп, досум,
Атакең капа болгондур, досум.
Бөйрөктөн ооруң кармады, досум,
Бөөдө бир ажал арбады, досум.
Ботодой боздоп Шаани апаң, досум,
Болкулдап жаны калбады, досум.
Билдирбей ажал чырмады, досум,
Бизге бир сени кыйбады, досум.
Билишпей эмне кылаарын, досум,
Бир бооруң баары ыйлады, досум.
Ажал бир сени чалганда, досум,
Айрылып сенден калганда, досум.
Азыр да жүрөт үшкүрүп, досум,
Алганың Калыс арманда, досум.
Кааласа кудай бермек деп, досум,
Кайнинин уулун эрмектеп, досум.
Калысың бүгүн ордуңда, досум,
Казакта жүрөт эмгектеп, досум.
Күн эмес кетип кылымдап, досум,
Күкүгүн кызың чырылдап, досум.
Күйүткө салып кеткениң, досум,
Күн өтүп жатат зырылдап, досум.
Күчүндө мезгил озууда, досум,
Нургиза кызың окууда, досум.
Үкүктөй болуп бой керип, досум,
Үмүткө үмүт кошууда, досум.
Чыгарып ырдап ызасын, досум,
Чын күйдү Медер адашың, досум.
Балтакул,Кубат,Ырысбек, досуң,
Байма-бай берет батасын, досум.
Кукунбек,Кенже,Калмамат, досуң,
Келет деп жолуң каранат, досум.
Керемет ээси кудайга, досум,
Керилген боюң аманат, досум.

Бакытбек,Ыкы,Темирбек, досуң,
Эскерип сени телмирет, досум.
Эстелик коюп мүрзөңө, досум,
Жылыңды койдук белгилеп, досум.
Арапбай, Жаркын талаада, досум,
Сен билген Сибир калаада, досум.
Алыстын жолу курусун, досум,
Алар да жүрөт санаада, досум.
Күү кылып бузбай ыргагын, досум,
Күйгөндөн кошуп ырдадым, досум.
Бошошуп ыйлап эскерип, досум,
Боронбай менен Сыргагын, досум.
Аралап гүлдүү белесиң, досум,
Алайга качан келесиң, досум.
Койкоё ашып белесиң, досум,
Корулга качан келесиң, досум.
Таптырбай кетип кырк жашта, досум,
Ташта бир калды элесиң, досум.
Тууруңдан учкан куш болдуң, досум,
Тумандуу күнгө туш болдуң, досум.
Эртелеп учкан куш болдуң, досум,
Эң кыйын ишке туш болдуң, досум.
Тиштенген сайын эрдиңди, досум,
Тилинип жатты жүрөгүм, досум.
Караган сайын өзүңдү, досум,
Канап бир жатты жүрөгүм, досум.
Айрылып элден кайттың ай, досум,
Ай элең жанган, баттың ай, досум.
Армандуу кылып Ыкыны, досум,
Артыңдан кеткен Саткынай, досум.
Адамдар сүйүп карашкан, досум,
Айрылдык асыл аяштан, досум.
Досторуң бүгүн эскерип, досум,
Саткынга койдук эстелик, досум.
Тартып бир калдык арманың, досум,
Тагдырдын башка салганың, досум.
Сезбей бир калдык өзүңдү, досум,

Сендейди ажал алганын, досум.
«Ий» -дешке келбей дарманың, досум,
Ичиңде кетти арманың, досум.
Атыңды атап унутпайт, досум,
Артыңда аман калганың, досум.
Алганың ыйлап суз калды, досум,
Артыңда жалгыз кыз калды, досум.
Эч кимге сырың айтпастан, досум,
Ээрибес ичте муз калды, досум.
Айтылбай канча сыр калды, досум,
Артыңда дастан ыр калды, досум.
Көрүлбөй канча сый калды, досум,
Көөдөндө бугуп ый калды, досум.
Апаңдын ыйын сездиңби, досум,
Аны да жанчып эздиңби, досум.
Ажал бир сени алдаса, досум,
Артынан ээрчип кеттиңби, досум.
Досуңа кулак илдиңби, досум,
Досторуң турду билдиңби, досум.
Кайгыртып коюп бардыгын, досум,
Караңгы көргө кирдиңби, досум.
Кейиштүү кандай күн болду, досум,
«Кеткениң кадыр түн болду», досум.
Айлана турат тунжурап, досум,
Аталап ыйлап үн чыгат, досум.
Ай батты мына өзүңсүз, досум,
Аздан бир кийин күн чыгат, досум.
Түн ката боздоп тынбастан, досум,
Түгөйүн жоктоп үн чыгат, досум.
Ак үйүң эми бүтөөрдө, досум,
Анан бир мейман күтөөрдө, досум.
«Алтын баш сизге кулдук» -деп, досум,
Алдыңа кудаа түшөөрдө, досум.
Чымындай жандан кечтиңби, досум,
Чын дүйнө жакка кеттиңби, досум.
От элең жанган өчтүңбү, досум,
О, дуйно карай көчтүңбү, досум.

Үйүң бир калды өрүштө, досум,
Өзүң бир калдың көмүскө, досум.
Кабырың калды Корулда, досум,
Кадырың калды тобуңда, досум.
Топурак жаздап сен калдың, досум,
Толгонуп ыйлап мен калдым, досум.
Мээнетти тартып сен калдың, досум,
Медербек досуң мен калдым, досум.
Белсенип өмүр сүргөнүң, досум,
Бейлимде жүрөт күлгөнүң, досум.
Бешенең жаркып ал жакта, досум,
Бейиш бир болсун жүргөнүң, досум.
Берешен, жоомарт жан элең, досум,
Пейлиңди кенен сала жүр, досум.
Бер жакта калган тирүүгө, досум,
Бейиштен орун ала жүр, досум.

## ЭНЕ ТИЛ

Жок дегенде,
Чогулушта чоңдоруң.
Кыргыз туруп,
Кыргыз тилин сүйлөсө.
Кара күчкө,
Карапайым калк үчүн.
Каадаланып,
Чечкен болот бир нерсе.
Кайдан жүрүп,
Кантип чечет ойлончу.
Эгер өзү,
Эне тилин билбесе.

Кыргыз туруп,
Кыргыз үчүн күйбөсө.
Бийлик үчүн,
Бир-биринин бетине.

Кадимкидей,
Кара көөнү сүйкөсө.
Кайдан жүрүп,
Кантип болот мекенчил.
Эгер өзү,
Өз өлкөсүн сүйбөсө.

Өлкөсү үчүн,
Билектерин түрбөсө.
Ки-ки-лешип,
Калк алдында кыргызча.
Сүйлөгөндөн,
Кадимкидей сүрдөсө.
Кайдан жүрүп,
Калыптанат эне тил.
Кайдыгерлик,
Мүнөт сайын гүлдөсө.

Өз тили үчүн,
Башын байлап кирбесе.
Эсеңгиреп,
Эне тилди угуудан.
Министрлер,
Көңүлдөрү кирдесе.
Кайдан жүрүп,
Өсүп-өнөт эне тил.
Тили сынып,
Сүйлөй албай кыргызча.
Өз баласын,
орусчалап тилдесе.

## КЕНЖЕБАЙГА

*(достук азил)*

Тыйыныӊ кайдан кемисин,
Берип жатса кудайым.

Жылкынын тандап семизин,
Душман көзү калп деле.
Медер досум дечүсүң,
Досторго бердиң таркатып.
«Байлар бийлер жечүсүн»,
Акчасы жок дедиңби.
Атап кесип бербедиң,
Союлган эки жылкыдан.
Жок дегенде Кенжебай,
Түз ичеги дечүсүн.

## ГУЛЖИГИТ АГАЙГА

*(1983-ж)*

Гүлжигит агай кандайсыз?
Күндө эле зачет алам деп.
Мисалдан мисал тандайсыз,
Чыгарса кыздар эсебин.
Кызыгып жүрүп талдайсыз,
Кызганып жүрөт көпчүлүк,
Кыздарды мынча жандайсыз?

## АУДИ

Айлык алам деп барып,
Алкымың неге бурулду.
Соо болсоң эгер акебай,
Эмне үчүн бердин рульду?

Ак кар-көк муз, тар жолдо,
Абгон алып волганы.
Айланып кетип ауди,
Опелге барып урулду.

## Арап менен Жаркындан аяштарга азил

Тамшандырган эченин,
Тамактардын таттысы.
Алакандай ар бири,
Назиранын мантысы.
Жок дегенде Назира,
Жасап турсаң болбойбу?
Ар бир айдын алтысы.

Эт-куйрукка жык толгон,
Бирди жеген нык тойгон.
Жеген дагы жебеген,
Арманда жүрөт канчасы.
Качан бышат болду экен,
Айсалкындын самсасы.

## КОШ, МӨЛТҮР СУУ

Кош, мөлтүр суу!!!
Кош бол, менин арагым.
Сени ичкенден,
Чынын айтсам жададым.
Тойгуча ичип,
Тоголонуп жыгылып.
Топ жара албай,
Томсоруп жер карадым.
Кош! дегеним,
Катуу тийди көрүнөт.
Неге мынча,
Жаш сулуудай карадың.

Алып колдон,
Сен азгырып бараттың.
Араң тапкан,
Абийримди кетирип.
Жалдыратып,
Камокторду караттың.
Айтчы ачыгын,
Ичпей койсом не болот?
Акыбети,
Ушул болсо арактын.

Азгырдың да,
Ара жолдо таштадың.
Жаңжалы көп,
Кайсы жолго баштадың?
Эсим барда,
Этегимди жабайын.
Мен бүгүнтөн,
Сергек жашоо баштадым.

Арак деген,
Кымбат бекен силерден?

Ишен апа,
Ишен жарым, балдарым.
Ичиңдеги,
Мүрөк суусу болсо да.
Ичкиликти,
Ичпейм такыр таштадым.

## БОЛБОСУН ЭЧ БИР КЫЯМАТ

Кетирбей койду теледен,
Сарыгулов Дастанды.
Билбейт бекен башкалар,
Ошончолук асманды?
Буюрса келет жакында,
Кой үстүндө торгойлор.
Жүрчү мезгил уялап,
Төп келбей калды төлгөсү.
Болбой калып кыямат,
Дастан акем «күткөн жаз».
Кетпесе болду кыялап,

## КИЧИНЕКЕЙ НУРДАНБЕК

Кичинекей Нурданбек,
Ойносом дейт эшикте.
Таштап кетип кала албайт,
Адемини бешикте.

Чечсе болмок бешиктен,
Берет элем кешиктен.
Кирбей коёт мындайда,
Энем дагы эшиктен.

Келсе экен дейт мектептен,
Милананы, Султанды.
Терметишсе бешикти,

Киет элем курткамды.

Үйрөтмөкмүн мен сага,
Чананы кантип тебишти.
Чыкпай отур сыртка деп,
Мага конфет беришти.

Чыга албаймын эч качан,
Колум бошоп бешиктен.
Ойномокмун көчөдө,
Батамын да тешиктен.

Мен атамды бучкактап,
Ээрчимекмин ишине.
Анте албаймын анткени,
Адеми кыз кичине.

Апа, бүгүн Медина,
Калса кантет мектептен?

Кино көрүп Бека экөө,
Кечээ деле кеч кеткен.

## АКСЫЛЫК КЫЗ

Укканым бар,
Аксылык Көксулууну.
Көргөнүм бар,
Көркөмдүү көп сулууну.
Ашык болду,
Аксылык бир сулууга.
Арча жыттуу,
Алайдын бир кулуну.

Алгач ирет,
Көргөндө аксылык кыз.

Апкаарыдым,
Атыңды сурабадым.
Кепке келбей,
Бурулуп басып кеттиң.
Кеп учугун,
Мен дагы улабадым.

Отурамын,
Ойлонуп жолуң карап.
Узак беле,
Ушунча Аксы тарап.
Калем алып,
Колума ыр жазайын.
Күбө болсун,
Сүйүүгө ушул барак.

Жарашыктуу,
Басканың, ай жамалың.
Жаш экенсиң,
Жүрөктү жараладың.
Ууртуңдагы,
Күлкүңдү сүйүп калдым.
Улуумун деп,
Жашыма карабадым.

Жазган катка,
Жооп айтууга жарабадың.
Аксылык кыз,
Жүрөктү жараладың.
Күлүп койчу,
Укмуш экен кереметиң.
Жетээр бекен,
Сүйүүгө дараметим.

## ТУУРАП ЖАТТЫҢ

Туурап жаттың,
Батыш жактын бийлерин.
Кийип кыска,
Киндигиңди көрсөтүп.
Кыйшалаңдап,
Кылыктанып бийледиң.

Батыш жактын,
Обондорун уурдадың.
Жоон саныңды,
Көөдөнүңдү көрсөтүп.
Жамбаш талып,
Жатып алып ырдадың.

## ЖАШЫРБАЧЫ СЫРЫҢДЫ

Угар бекем, сүйөм деген үнүңдү,
Чыгарайын ырым менен бугумду.
Сыздап барам, буулукkансыйм ан сайын.
Айтчы жаным, жашырбачы сырыңды,

Билбейм кантип сүйүп калдым өзүңдү,
Карай берем сырдуу сенин көзүңдү.
Таңкы булбул таңшып жаткан сыяктуу,
Уккум келет бал татыган сөзүңдү.

## ООРУП КАЛЫП

Кулу болбойм,
Бийлик менен байлыктын.
Берекесин,
Берсе болду айлыктын.
Ооруп калып,
«Байлык» деген дарт менен.
Мен ошондон,
Араң-араң айыктым.

## ҮМҮТ ҮЗБӨ ЧЫНДЫКТАН

Аалымдардын айтуусуна карасам,
Чындык жашайт кыяматтын күнүндө.
Байкаштырсам жер бетинде көрүнбөйт,
Же жашайбы? океандын түбүндө.

Чындык барбы?  Алты кабат асманда,
Же жердеби? Жетпейт адам акылы.
Үмүт үзбө өзү басып келбейт ал,
Ким издесе табат аны акыры.

## ЖАМГЫР БОЛУП ТӨГҮЛӨМ

Пейли жаман,
Аймын десе көктөгү.
Мен андайга,
Жылдыз болуп көрүнөм.
Бечаранын,
Куурап жатса түшүмү.
Мен асмандан,
Жамгыр болуп төгүлөм.
Текеберге,
Бийлик үчүн баш ийбейм.
Түз жаралгам,
Түп-түз бойдон көмүлөм.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Бул жалганда тил деп жашап келемин,
Тилим үчүн кыргын келсе көрөмүн.
Өзгөлөргө алмаштырбайм тилимди,
Мен кыргызмын, кыргыз бойдон өлөмүн.

## КОЙСОК КАНТЕТ ЫЙЛАБАЙ

Тирүүлүктө ден соолукту сурабай,
Бир тууганды берип сотко сыйлабай.
Өлгөндөн соң кара күчкө бышактап,
Эл көзүнө койсок кантет ыйлабай.

## МИРЛАН ИНИМЕ

Окудум Мирлан иним ырларыңды,
Калтырып ак кагазга сырларыңды.
Камчылан кайратыңдан жаза көрбө,
Аша бер бет маңдайда кырларыңды.

Чаалыкпасын тулпарың узак чапкан,
Ширин болсун өмүруң сүрүп жаткан.
Оорубасын балдарың, алган жарың,
Сүйүүңөрдүн ар бир күнү болсун «Дастан».

## ЖҮЗ СОМ ЖАНА МЕН

Майлабастан мен бирөөнүн бармагын,
Таразага салып көрдүм өзүмдү.
Чыкпай калып жүз сомчолук салмагым,
Уялгандан кысып койдум көзүмдү.

## ЖАР СҮЙҮҮГӨ АКЫҢ БАР

Кыйгач байлап кызылынан жоолуктун,
Кымча бел кыз сен кечигип жолуктуң.
Жоодур карап тамашалап сөз салдың,
Билип туруп бар экенин колуктум.

Сен өзүңдү неге мынча кыйнадың,
Кош бол! -дедим колум кармап ыйладың.
Сенин дагы жар сүйүүгө акың бар,
А бирок мен сүйгөнүмдү кыйбадым.

Туура болбос сен чакырган үлпөткө,
Секелек кыз сени менен барганым.
Апам салган ак жоолугун байланып,
Мени күтөт ай жамалдуу алганым.

## АЛП АКЫНДЫН ЖЭЭНИ

Ар кимден уксаң жемени,
Агаңдын кейийт зээни.
Айтпасам болбойт өңдөнөт,
Калеми курч алп акын.
Мен Айтмаматтын жээни,
Ар кимдин кирип тилине.
Суйкоп кеттиң бетиме,
Кайдагы кара көөнү.
Кадырың кайдан бийиктейт,
Сөз кылса бирөө төөнү.
Айтып жүрсөң бээни.

## БАЙЛЫК

Акчанын артынан көп куубай жүргүн,
Азгырат акча душман аны билгин.
Бекиткен акчаларың болуп калса,
Досуңа сураганда берип жүргүн.

Байың да кедейиң да көргө барат,
Салт ушул эзелтеден көмүп салат.
Кедейдин бар тапканы курсагында,

Байыңдын тапкандары сыртта калат.

## ДОСТУК АЗИЛ

Кайдан да алдым катынды,
Күн сайын үйгө барам деп.
Башымды жаман катырды,
Таксист элем ал кезде.
Каттай берип үйүнө,
Карызга жаман батырды.
Эки күн барбай калды эле,
Энеси бир күн чакырды.
Сыйласам дейт өзүңдү,
Чычкан жериң мына деп.
Көрсөтөт мага акырды,

## ЫСМАНОВА АРЗИКАН ЭЖЕКЕГЕ ОКУУЧУСУ НУРСУЛТАНДАН ЫР БЕЛЕК

Куттуу болсун эжеке майрамыңыз,
Күч алсын күндөн-күнгө дарманыңыз.
Онтоткон оору бетинен көрбөй өтүң,
Болбосун тырнактай да арманыңыз.
Чарчабай чаалыкпастан иштей бнриң,
Ыр сунат бүгүн сизге Султаныңыз.

## МУГАЛИМ

Мугалим көк деңиздей чалкып жаткан,
Ичине бүт ааламдын сыры баткан.
Мугалим сыйкыры күч бышкан алма,
Бөбөктөр колун сунуп даамын таткан.

Мугалим көк мелжиген бийик асман,
Өзүнө миң ааламдын сырын каткан.
Мугалим бышып турган мөмө дарак,
Окуучусу ооз тийишкен ошол бактан.

## М а з м у н у


Окурманга………………………………………………. 5
Айлуу түндө кыямат…………………………………….. 6
Кош бол уулум…………………………………………. 7
Жалын өттү дүйнөдөн…………………………….. 8
Сүрөт сүйлөйт………………………………………. 9
Өмүр баян…………………………………………….. 11
Ыраазычылык……………………………………….. 12
Сагыныч…………………………………………………. 13
Ооганстан……………………………………………….. 14
Замана……………………………………………………. 15
Апама……………………………………………………… 21
Тогуз-Булак……………………………………………... 22
Кош келиңиз…………………………………………. 23
Кыздары чүрөк корулдун……………………………. 23
Курманбек………………………………………………. 24
Кутман курак………………………………………….. 30
Сен кимсиң ??? ……………………………………. 31
Асанкулдун эшеги…………………………………. 32
Жылдыздар……………………………………………. 32
Самопал куудул досума……………………………. 33
Акын бар…………………………………………………. 33
Өзбектерге……………………………………………... 33
Азил чыны аралаш………………………………… 34
досторго…………………………………………………. 34
жашоо кемеси…………………………………………. 35
Карышкырдын арманы……………………………… 35
Устатка таазим………………………………………. 36
Төрт амал………………………………………………. 36
Ат жабдыгын биле жүр……………………………. 37
Устукандын улуусу…………………………………. 38
Чыңгыздан калдык айрылып………………………… 38
Энебизди эскерүү…………………………………… 39
Коштошуу……………………………………………….. 40
Кыл калем кыянаттык кыла албады………………… 40
Калпагымды каткым келди койнума………………… 42

Шилтеме………………………………………………….... 43
Сапырылган сары жалбырак…………………………… 44
Токтотсок боло «келиңди» …………………………… 44
Пикетчилер……………………………………………. 45
Сойкулар……………………………………………….. 45
Айтуудан турам уялып…………………………….. 46
Таксырлар……………………………………………… 47
Уят кетти балдардан…………………………………. 48
Балалык…………………………………………………. 48
Туулган жер……………………………………………. 49
Сибирден кат…………………………………………… 49
Маляр келди ……………………………………………. 49
Сен кресло…………………………………………….. 50
Акы доско………………………………………………. 51
Туу көтөргүн кыргызым……………………………. 51
Кабар……………………………………………………….. 51
Атама……………………………………………………… 52
Кадыр түн болду кеткениң…………………………. 52
Эне тил………………………………………………….. 56
Кенжебайга…………………………………………….. 58
Гулжигит агайга……………………………………… 58
Ауди……………………………………………………….. 59
Арап менен Жаркындан
аяштарга азил..………………………………………….. 59
Кош, мөлтүр суу……………………………………… 60
Болбосун эч бир кыямат…………………………… 61
Кичинекей Нурданбек……………………………….. 61
Аксылык кыз…………………………………………… 62
Туурап жаттың…………………………………….... 64
Жашырбачы сырыңды………………………….. 64
Ооруп калып……………………………………….... 65
Үмүт үзбө чындыктан…………………………….... 65
Жамгыр болуп төгүлөм…………………………… 65
Мен кыргызмын……………………………………….. 66
Койсок кантет ыйлабай…………………………… 66
Мирлан иниме………………………………………… 66
Жүз сом жана мен……………………………….... 67

Жар сүйүүгө акың бар…………………………………….. 67
Алп акындын жээни……………………………………….. 67
Байлык…………………………………………………………. 68
Достук азил………………………………………………….. 68
Ысманова Арзикан эжекеге 69
Окуучусу Нурсултандан ыр белек………………………...
Мугалим……………………………………………………….. 69

Редактору: Боронбаева Кенжегүл
Корректору: Курстанбек уулу Айдар
Тех. Редактор: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө берилди 20.02.2013. Басууга 13. 03. 2013 ж.
Кагаздын форматы 84х60. 4,5 б.т. Буйрутма №88. Нускасы 500.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.